


## 20 жаштагы таланттуу сүрөтчү

*Кудайберген Райымкулов 20 жаштагы таланттуу сүрөтчү. Сүрөт тартууда ал башкалар сыяктуу боёк, такта колдонбойт. Анын куралы кадимки канцелярдык буюм болгон – степлер. Бул саныбызда сиздерди Кыргызстанда алгачкы жолу степлер зымы менен сүрөт тарткан жаш талanттын өнөрканасы менен тааныштырмакчыбыз.* >>>




## Жер өткөөлдө өткөн 12 жыл

*Азимкан мындан бир канча жыл илгери туулуп өскөн айылынан Бишкекке окуйм деп келген. Тилекке каршы, ал күткөн аздек кыялдар ишке ашкан эмес. Тагдыр аны түшкө кирбеген турмушка туш кылат.* >>>




## Жети атадан бери келаткан мурас: Тери иштетүү

*62 жаштагы Ишенбек Чаланов Кыргызстанда дээрлик унутулуп бараткан тери менен иштеген усталардын бири. Ал бир да буюмду машина колдонбой, өз колу менен жасайт.. Устанын колунан чыккан буюм-теримдер Кыргызстанда гана эмес, бүгүнкү күндө бүткүл дүйнө жүзүнө таралп бааланып келет.* >>>


# ГЕЗИТИ Манас

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ ФЕВРАЛЬ 2018 / САНЫ: 70 www.manas.edu.kg





# 2018-2019-ОКУУ ЖЫЛЫНЫН II БИРИККЕН АКАДЕМИЯЛЫК ЖАЛПЫ ЖЫЙНАЛЫШЫ БОЛУП ӨТТҮ

*6-февралда Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) 2018-2019-окуу жылындагы II Бириккен академиялык жалпы жыйналышы болуп өттү. Маданият борборунда уюштурулган аталган жыйналышка Кыргыз Республикасынын Премьер министринин кеңешчиси Султан Раев, КР Билим берүү жана илим министрлигинин кесиптик билим берүү бөлүмүнүн башчысы Дамира Алибаева, КТМУнун ректору проф., докт. Себахаттын Балжы, биринчи проректору проф., докт. Асылбек Кулмырзаев баштаган академиялык жана административдик кызматкерлер катышты.*


5 Акробатикалык оюн: көчө футболу

9 Коммуникация факультетинин бүтүрүүчүсү сыйлыкка ээ болду



# 2018-2019-окуу жылынын II Бириккен академиялык жалпы жыйналышы болуп өттү

***6-февралда Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) 2018-2019-окуу жылындагы II Бириккен академиялык жалпы жыйналышы болуп өттү. Маданият борборунда уюштурулган аталган жыйналышка Кыргыз Республикасынын Премьер министринин кеңешчиси Султан Раев, КР Билим берүү жана илим министрлигинин кесиптик билим берүү бөлүмүнүн башчысы Дамира Алибаева, КТМУнун ректору проф., докт. Себахаттин Балжы, биринчи проректору проф., докт. Асылбек Кулмырзаев баштаган академиялык жана административдик кызматкерлер катышты.***

## Биздин башкы приоритетибиз – тынчтык, башкы принцибибиз - жаңычылдык

Программада ректор проф. докт. С. Балжы "2018-2019-окуу жылынын жарым жылына баа берүү, сапатты өнүктүрүү жана максаттар" аттуу презентациясында жаңы пландарга, жаңычыл иш-аракеттерге басым жасарын өзгөчө белгилеп кетти: "Жаңы окуу жылыбызды "Биздин башкы приоритетибиз – тынчтык, башкы принцибибиз – жаңычылдык" деген ураан-максат менен баштаган элек. Биз дайыма басып өткөн тарыхыбыз менен сыймыктанып келебиз. Биздин ошол узун тарыхта из калтырган ата-бабаларыбыз өз замандарынын жаңычыл инсандары, келечекти алдын ала көрө билген көсөмдөрү болгон. Биз да алардан калган мурасты сактап калгыбыз келсе, анда жаңычылдыкка умтулгандык жашообуздун эң маанилүү бир бөлүгүнө айланышы керек. Улам жаңы идеяларга, жаңы долбоорлого, жаңы бийиктиктерге жетүү үчүн умтулушубуз шарт".

## "Тынчтык климаты" жана "келечек өз колубузда"

Ректор проф., докт. С.Балжы окуу жайыбыздын бир катар жетишкендиктерин айтып келип, буларга токтолду: ""Манас" университети эки ураан менен иштеп, жашап келгенин эстен чыгарбайлы. 2010-жылы окуу жайыбызга ишке жаңыдан киришкенимде, университетибиз бир да бир ураны жок иштеп жаткан экен. Ошондо эки маанини туюндурган урааны тандап ишке киргиздик. Анын бири – жашоо үчүн "тынчтык климаты" деген ураан эле, чындыгында жамаат ичинде тынчтык болбосо, иш алдыга жылбайт эмеспи. Ал эми экинчиси – "келечек колубузда" деген ураан болду. Бул ураандар жөн жерден коюлган жок, а иштеги максатыбызды аныктаган негиз болуп берди. Ийгиликке жетүү үчүн эң башкысы каалоо керек. Кааласак, баары колдон келет. Каалоо болгон жерде, бүтпөгөн иш болбойт. Алдыда дагы көп бийик максаттарыбыз бар. Аларды ишке ашыруу үчүн үчүн тынчтык өкүм сүргөн ынтымакта, сүйүү, достукта бирге эмгектене бермекчибиз".




КАБАР: МЕДИА МАНАС
ФОТО: ӨМЕР КУФРЕВИ

## Сатук буура хан бизди ислам менен тааныштырды

Программанын алкагында проректор проф., докт. Анварбек Мокеев КТМУ тарабынан ар жылы уюштурулган академиялык жалпы жыйналыштарда "Тарыхта из калтырган Түрк дүйнөсүнүн маанилүү инсандарын эскерүү салтынын" алкагында "Биринчи түрк мусулман мамлекети Караханиддердин негиздөөчүсү Абдулкерим Сатук буура хан" аттуу темада презентация жасады. Проф., докт. А. Мокеев: "Сатук буура хан караханийлердин биринчи мамлекет башчысы жана ислам динин кабыл алган алгачкы өкүмдар. Ошондуктан, түрк дүйнөсүн ислам дини менен тааныштырган алгачкы тарыхый инсан. Азыркы күндө тарыхчылар Буура хандан мурдагы Орто Азия тарыхына тиешелүү чектелүү гана маалыматка ээ. Сатук буура хандын санжырасы тууралуу да тарыхый маалыматтар аз", - деп белгилеп өттү.

## Туулган күндөрдү куттуктоо

Жыйналыштын жүрүшүндө КТМУнун проректору проф., докт. Хусейин Өгүт "2018-2019-окуу жылынын академиялык жетишкендиктерин жана шыктандыруу көрсөткүчтөрүн баалоо" аттуу баяндамасын окуду. Анда Х. Өгүт 2017-2018-окуу жылындагы академиялык кызматкерлердин бир жылдык аткарган ишине ыйгарылган сыйлыктар, шыктандыруу көрсөткүчтөрү, баалоо критерийлери, иш планы жана процесстик план маселелерине кеңири токтолду. Табигый илимдер институтунун башчысы доц., докт. Дагыстан Шимшектин "Канааттануу анкеталары", экономика жана башкаруу факультетинин кызматкери доц. милд. атк., докт. Камалбек Карымшаковдун "QS Сапат системасы" аттуу презентациялары жогору деңгээлде тартууланды. Ошондой эле программанын жүрүшүндө проф., докт. С. Балжынын 65 жылдыгы да куттукталды. Кыргыз Республикасынын Премьер-министрдин кеңешчиси Султан Раев КР Президенти Сооронбай Жээнбековдун куттуктоо катын окуп берди. КР Билим берүү жана илим министрлигинин кесиптик билим берүү бөлүмүнүн башчысы Дамира Алибаева министр Гүлмира Кудайбердиеванын куттуктоо катын окуп, каалоо-тилектерин айтты.

# 20 жаштагы таланттуу сүрөтчү



***Кудайберген Райымкулов 20 жаштагы таланттуу сүрөтчү. Сүрөт тартууда ал башкалар сыяктуу боёк, такта колдонбойт. Анын куралы кадимки канцелярдык буюм болгон – степлер. Бул саныбызда сиздерди Кыргызстанда алгачкы жолу степлер зымы менен сүрөт тарткан жаш таланттын өнөрканасы менен тааныштырмакчыбыз.***

Ысык-Көлдүн кулуну болгон К. Райымкулов орто мектепти өзү төрөлгөн Ак-Өлөң айылында бүтүргөн. Андан соң Бишкектеги Эл аралык инновациялык технологиялар университетинин Архитектуралык чөйрө дизайны бөлүмүндө эки жылдык жогорку билим алат. Бул окуу жайда окуп жүргөн кезинде сүрөт тартууга болгон жөндөмү байкала баштайт. «Тегерегимдеги адамдардын тарткан сүрөттөрүн көрүп, мен да Эл аралык инновациялык технологиялар университетинде окууга тапшырууга даярдана баштадым. Архитектуралык чөйрө дизайны бөлүмүндө өтүп, окуп калганым чындыгында жашоомдун эң маанилүү бурулушу болду. Бул жерде алган билимим сүрөт тартуу чеберчилигин үйрөнүүмө чоң пайдасын тийгизди», - дейт К.Райымкулов.

### «Шыгымдын ойгонушуна ата-энем себепкер болду»

К. Райымкуловдун чоң-атасы да, ата-энеси да чыгармачыл, өнөрлүү адамдардан болушкан: «Чоң-атам колунан бардык иш келген өнөрлүү киши болчу. Сүрөтчүлүк, архитекторлук жана дизайнерлик өнөрүн мыкты билчү. Ата-энем менин шык-жөндөмүмдүн ойгонушуна чоң салым кошту десем болот. Апам кесиби боюнча – врач. Атам дыйканчылык менен алектенет. Бала кезимде сүрөт тартканды атамдан үйрөнгөм. Сүрөт тартууга кызыгып калышыма атам себепкер болду. Ата-энем ар түрдүү кесип ээлери болгону менен, мага келгенде, менин шык-жөндөмүм тууралуу көп болгондо, ойлору бир жерден чыкчу. Экөө тең кош колдоп мага колдоо көрсөтүп келишет», - деди.



КАБАР: АЙМАН КЕНЖЕТАЕВА
ФОТО: АЙМАН КЕНЖЕТАЕВА

### «Холст тактайда жалтыраган степлер зымын көрүп...»

К. Райымкулов бала кезинен бери манас айтууга кызыгып жүрчү. Ушундан улам ал кесип тандоодо да, көп ойлонбой алгач И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Манас таануу институтуна тапшырат. Азыркы учурда ал аталган институттун 2-курсунда окуп жаткан кези. Ушул студент кезинде ал өзүнө жаңы өнөр тапкан, б.а., степлер менен сүрөт тартканды өздөштүргөн. Алгачкы эмгеги – степлер зымы менен тартылган улуу манасчы Сагымбай Орозбаковдун сүрөтү болгон. Ошол портреттен кийин ал степлер менен сүрөт тартууга баш-оту менен кирип кеткен: «Бир күнү демейдегидей эле ак холстун үстүнө боёк менен сүрөт тартканы даярданып жаткам. Ошондо устаканада холст тактайда бир нерсе жалтырап жабышып турганын байкап калдым. Карасам, ал жалтыраган нерсе – кадимки эле степлер зымы экен. Ошондо степлер зымы менен сүрөт тартып көрөйүнчү деген ой келди мага», - дейт К. Райымкулов.

### Улуу манасчынын өзгөчө портрети

Улуу манасчы Сагымбай Орозбаковдун 150 жылдыгына карата К. Райымкулов өзгөчө сүрөт тарткысы келгенин айтат: «Мындай улуу адамдын сүрөтүн алгач боёк менен тартам деп жаткам. Бирок кийинчерээк улуу манасчы Сагымбай Орозбаковдун 150 жылдыгына карата өзгөчөлөнгөн бир эмгек жасагым келди. Бул тууралуу күнү-түнү дебей ойлоно баштадым. Ошондо баягы холст тактайда жаркыраган степлердин зымы эсиме түштү. Холстко степлер зымы менен улуу манасчынын сүрөтүн түшүрсөм кандай болот деген ой келе калды дароо. Бул оюмду ишке ашырууга кириштим. Алгач ак кездеменин үстүнө бордун жардамы менен тиешелүү форманы сызып алдым. Андан кийин бордун сызылган изинин үстүнөн степлер зымдарын бекитип чыктым. Бул ишти биринчи жолу жасап жатканымдан улам, ошондо абдан кыйналгам. Кийинки эмгектеримде колдоно турган материалдарды ыңгайлуусуна карап алмаштырдым. Ошентип, степлер зымы менен портрет тартууга кириштим. Ага орточо эсеп менен бир ай убактым кетти», - деди жаш сүрөтчү.

### Сагымбай Орозбаков, Чыңгыз Айтматов, Исхак Раззаков...

Степлер зымы менен тартылган алгачкы сүрөт 2018-жылдын декабрында И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде өткөрүлгөн «Улуу манасчы Сагымбай Орозбаковго 150 жыл» аттуу конференцияда катышуучуларга тартууланат. Көрүүчүлөрдүн купулуна толгон улуу манасчынын портрети жаш сүрөтчүгө чоң шык берет: «Сагымбай Орозбаковдун сүрөтүнөн кийин, бул ишти улантышым керек деген ишеним пайда болду. Экинчи сүрөтүм белгилүү саясий ишмер Исхак Раззаковдун сүрөтү болду. Аны бүтүргөндөн кийин, дароо эле үчүнчү сүрөттүн үстүнөн иштей баштадым. Бул сүрөт улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун сүрөтү эле. Айтматовдун сүрөтүн кийинчерээк туугандарымдын бирөөсүнө белекке бердим», - деди К. Райымкулов.

### "Жаш сүрөтчүлөргө кеңешим"

Степлер зымы менен сүрөт тартканда колдонула турган каражаттардын сапаттуу болушуна өтө маани бериш керек. К. Райымкулов: «Эң алгач тартыла турган сүрөт үчүн ылайыктуу, туура жана сапаттуу каражаттарды табуу керек. Ала турган материалдарды, албетте, сүрөттүн көлөмүнө жараша тандап алуу шарт. Бул ишти биринчи жолу колго алгандар ак бөзгө бор менен сүрөттү тартып алып, андан соң степлер менен бекитип ишесе, жеңилирээк болот. Мен дагы алгач ушундай ыкманы колдонуу менен баштагам. Ал эми азыр бор колдонбой, дароо эле степлер менен тартып кирем. Азыр степлер зымы менен бир сүрөттү бир жума убакытта тартам", - деди.

### «Эң башкы кумирим – атам»

Степлер зымынан тышкары, жаш сүрөтчү сүрөттү тиш щеткасы, гель, крем жана бут кийим кремин колдоунп да тартат. Сүрөт өнөрүнөн башка ал музыкалык аспаптарда – аккордеон, комуз, гитара чертип, обон созуп ырдайт дагы. Ушундай көп кырдуу талант К. Райымкулов талант-шыгын ойготкон, өнүктүргөн атасына абдан ыраазы: «Сүрөт искусствосунда кыргыз сүрөтчүсү Сүймөнкул Чокморов жана дүйнөлүк белгилүү сүрөтчү Леонардо да Винчини жакшы көрөм. Ушул эки инсандан абдан таасирленем. Ал эми турмушумда атамдын орду өзгөчө десем болот. Сүрөт тартууну алгач атамдан үйрөнгөм. Атам да көп кырдуу талант, ыр да жазат. Музыкалык аспаптарда ойногонду дагы атамдан үйрөндүм. Бул жашоодо менин эң башкы кумирим – атам десем жаңылышпайм».



КАБАР: ФАРИДА КАЧЫБЕКОВА
ФОТО: ФАРИДА КАЧЫБЕКОВА

# КЕРЕМЕТ ЭНЕ

***26 жаштагы Алимбай кызы Гүлмайрам тубаса айнек сөөк оорусу менен ооруйт. Мындай илдет менен жашоо өтө кыйын экени айтпаса да түшүнүктүү го. Бирок, бул дарт Гүлмайрамдын көптөн күткөн эне болуу кыялына тоскоол болгон эмес.***

Айнек сөөк оорусу менен ооругандардын сөөгү толугу менен өспөйт. Сөөк хрусталь сымал өтө морт болгондуктан, бат сынат. Узун мезгилдер бою дарыланып, этияттанып жүрүүгө туура келет. Негизи мындай сөөк оорусу менен ооругандар араң эле кыймылдап жашашат. Айрым учурда таптакыр баса албай калгандар да болот.

**Араң дегенде 20 жашында баскан**

Гүлмайрам баса турган убактысы келсе да, баспайт. Аргасы кеткен ата-эне кызды доктурга алып барышат. Ошондо доктурлардын туура эмес диагноз коюп, туура эмес дарылашканын айтат Гүлмайрам өкүнүп. Алгач ага жаш балдарга Д витамини жетишпегендигинин натыйжасында пайда болгон рашитизм оорусу деген диагноз коюлат. Андан кийинки этаптарда диагнозу такталып, айнек сөөк оорусу экени аныкталат. Генетикалык илдет болгон айнек сөөк оорусу ар кайсы адамдарда ар кандайча байкалат. Мисалы, Гүлмайрамдын сөөктөрү жети жашында бир аз эле урунду болсо сына баштаган. Сынган жерлер гипстелип, оорунун азабын жеген.

16 жашка келгенде басып кетиши үчүн врачтар ага операция жасашат. Бирок ал да көп жардам бере алган эмес. Операциядан кийинки дагы 4 жыл дарылануусу керек эле. Алгачкы кадамын ал 20 жашында гана шилтеп, басууга аракеттене баштаган. Гүлмайрам майып араба менен өткөн жашоосу тууралуу буларды айтат: "Мурда бирөөлөр жардам бербесе, эч нерсе кыла алчу эмесмин. Үйдөн чыга албай, депрессияга кирчүмүн. Психологиялык жактан жабыр тартып, мындай ооруга чалдыкканыма ата-энемди күнөөлөчүмүн. Өзүмө келип, акыл-эсимди жыйган соң, алардан кечирим сурап, миң мертебе рахматымды айтчумун. Менин эң оор күндөрүмдө жанымда ата-энем болду. Алардын жардамы менен азыр басып жүрөм".



**«Сени түшүнгөн жар күтүп, балалуу болуу – бул чоң бакыт"**

Үй-бүлөсүндө Гүлмайрам гана ушундай дарт менен ооруйт. Ошондуктан бул дартты ал Кудайдын сыноосу катары кабыл алат. Өз алдынча баса баштагандан кийин, айнек сөөк оору менен күрөшүп жашоо кыйла жеңилдей түшкөнсүйт.

Анын жашоосундагы чоң бурулуш - турмушка чыкканы болду. Мындан үч жыл мурун жолдошу Максат Ишаков менен баш кошот. Жолдошу жол кырсыгына кабылып, экинчи топтогу майып болуп калган. Чоң атасынан калган өтүк оңдоо иши менен алектенет. Гүлмайрам жолдошу менен таанышкан учурун мындайча айтып берди: "Максат менен алгач телефон аркылуу тааныштык. Ал мени менен көрүшкүсү келгенин айтты. Экөөбүз көрүштүк. Максат жана анын үй-бүлөсү менин кыска боюмду көрүп, кабыл алышпайт го деп ойлогом. Тескерисинче, биздин бат эле баш кошушубузга алардын жардамы тийди. Үч жылдан бери жакшынакай жашап жатабыз. Бири-бирибизди түшүнүшөбүз. Бактылуу болуу үчүн сөзсүз түрдө эле байлык керек эмес. Менимче, бакыт – бул сени түшүнгөн жар күтүп, балалуу болуу".

**"Сүйүнгөнүмдөн ыйладым"**

Баш кошкон соң, ар бир эле жуп балалуу болгусу келет эмеспи. Бирок доктурлар Гүлмайрамдын оорусунан улам балалуу болуу ден соолугуна кооптуу экенин эскертишет. Ага карабай, кичинекей бөбөктөрдү бөтөнчө жакшы көргөн Гүлмайрамдын боюна бүтөт. Ошентип, үйлөнгөндөрүнө эки жыл толгон соң, алар балалуу болушат. Ошентип, Алимбай кызы Гүлмайрам айнек сөөк оорусу менен төрөгөн Кыргызстандагы алгачкы эне болуп тарыхка кирет. Балам да майып болуп туулуп калабы деген ой болбой койгон жок дейт Гүлмайрам:"Боюмда бар экенин билгенимде сүйүнгөнүмдөн аябай ыйладым. Анткени балалуу болуу менин чоң кыялым эле. Буга доктурлар гана эмес, туугандарым да каршы болушту. Алар менин ден соолугумду ойлошсо, мени төрөлөр наристемдин келечеги ойлондурду".

**"Дагы да эне болгум келет"**

Кудайдын кулагы сүйүнсүн, Гүлмайрам алты саны аман, саламаттыгы чың бала төрөйт. Бирок көз жарганга чейин эмнелер гана башынан өтпөйт: "Төрөт күнү жакындаганда бир жагынан көз жаралбай өлүп калышым мүмкүн, экинчи жактан, балабыз майып болуп калышы мүмкүн деп өзүмдү алдын-ала даярдап жүрдүм. Бактыбызга жараша, кызым учурда ден соолугу чың. Кудайга шүгүр, эч кандай саламаттык маселебиз жок. Эгер майып болуп төрөлүп калса деле, азыркыдай эле кабыл алмакмын. Кызыбыз Айша туулгандан бери жашообузда көп нерсе өзгөрдү. Эне болуу эң сонун сезим экен. Ата-энемдин кадырын эми билип отурам. Эми бардык аракетимди кызымды тарбиялоого жумшаймын. Эгер мүмкүн болсо дагы бир жолу эне болгум келет", дейт эне болуу бактысына чексиз ыраазы Гүлмайрам.

# Акробатикалык оюн: көчө футболу



***Футбол – спорттун популярдуу түрлөрүнүн бири. Дүйнөнүн бардык жеринде бул спорт оюнун абдан кызыгып, толкунданып көргөн ышкыбоздоу миллиондоп саналат. Чоң стадиондордо биз көргөн футбол матчтардын каяктан келип чыкканына назар салсак, албетте көчө футболу анын башаты болгонун тана албайбыз. Ал эми азыркы учурда көчө футболу балдардын арасында ойнолгон жөнөкөй оюн катарынан чыгып өзүнчө спорттун бир түрүнө айланып баратат. Өзгөчө жаштар арасында абдан популярдуу болгон бул спорт азыркы учурда көчөлөрдө дагы, социалдык тармактарда дагы кызыгууну арттырууда.***

**Популярдуулукка жол ачкан рекламалык ролик**

Көпчүлүк кесипкөй футболисттерди чоң спорт аренасына даярдап, ышкысын ойготкон көчө футболу 2000-жылдан баштап өз алдынча спорт тармагы катары тааныла баштайт. Көчө футболун ойноп, топ тепкен жаштар алгач футбол товарларын саткан белгилүү бир компаниянын көзүнө урунган. Ал компания жаш оюнчуларга голландиялык легендарлуу футболчу Рууд Ван Нистелрой менен бирге рекламалык роликке тартылууну сунуш кылат. Ошентип, алар брендге айланган суусундуктун рекламалык роликине тартылып калышат. Бул рекламалык ролик элге жайылгандан кийин көчө футболу да популярдуу боло баштайт. Мындан тышкары көчө футболунун элге кеңири таанылуусуна Эдуард Ван Гилз, Ленни Нетеби, Нелсон Де Коку жана Суфияна Тузани сыяктуу популярдуу ысымдар өзгөчө роль ойнойт.

**Упай эмес, өнөр маанилүү**

Рекламалык роликтен кийин жаштар көчө футболуна байланыштуу жаңы эрежелерди киргизип, ага акробатикалык кыймыл-аракеттерди кошушат. Алар бул жаңы ыкмадагы футбол оюнун видеокамерага тартып, интернет аркылуу дүйнөгө жайылта башташат. Ошентип, бул видеолор аркылуу көчө футболу дүйнөгө тараган. Топ менен ары тата-ал, ары кызыктуу акробатикалык кыймылдарды жасаган жаш таланттар көчө футболунун бирден бир өзгөчөлүгү – бул упай алуу эмес, а оюнчулардын көрсөткөн өнөрү дешет. Алтургай, жаштар бул өнөрдү түшүндүрүү үчүн жаңы терминдерди да ойлоп табышкан. Атаандашын топтун артынан чуркатуу үчүн «финтлер»; топ менен көнүгүүлөрдү жасоо үчүн «скиллер»; матч учурунда топ менен эркин ойноо үчүн «фристайл»; топту атаандашынын буттарынын арасынан өткөрүү үчүн «панна» сыяктуу терминдерди колдоно башташкан. Ошентип спорттун бул жаңы түрү менен спорт дүйнөсүнө жаңы түшүнүктөр дагы кирген.

**Көчө футболунун кыргыз ышкыбоздору**

Дүйнөдө тездик менен жайылган көчө футболунун Голландиядагы версиясы Кыргызстанда 2017-жылдан тарта тааныла баштады. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коммуникация факультетинин радио-теле жана кино бөлүмүнүн 3-курсунун студенти Азамат Кадыров менен журналистика бөлүмүнүн 3-курсунун студенти Саламат Шакиров «Кыргыз Фристайл" клубун түзүп, көчө футболун өз өлкөсүнө таанытууга аракет кылып келишет. А. Кадыров клубдун түзүлүшү тууралуу төмөнкүлөргө токтолду: «Кичине кезимден бери футбол ойнойм. Айрыкча, интернеттеги көчө футболуна байланыштуу видеолордон ар кандай кыймылдарды жасоону үйрөндүм. КТМУда окуй баштаганымда футболго шыктуу досторду таптым. Ошентип, алар менен максат-пикирибиз бир болуп, клуб түздүк».

Клубда 6 бала жана бир кыз ойнойт. Клубдун максаты – социалдык тармактар аркылуу спорттогу бул жаңы агымды түшүндүрүү жана көчө футболун Кыргызстанда жайылтуу. Клубдун жаңы мүчөлөрүн табуу үчүн тандоо турларын өткөрүлүп турат. Ошол кароо сынактарга катышкандардын саны күндөн-күнгө өсүп жатканынан эле «Кыргыз Фристайл» клубуна кызыккандар көбөйүп жатканын билсе болот. Өткөн жылдагы кароо сынактарда 500 талапкер катышып, өз өнөрлөрүн көрсөткөн. Ушундан улам Кыргызстанда көчө футболунун келечеги бар деп айтууга болот. Келечекте жаш кыргыз футболчулары дүйнөлүк деңгээлде өткөрүлгөн мелдештерге катышып, эл аралык аренада өздөрүн көрсөтүп, өлкөсүн таанытат деген ишеничтебиз.

**Белгилүү бренддердин фавориттери**

Көчө футболуна берилген жаш таланттар өздөрүн ич ара «Көчө падышалары» деп коюшат. Жаштар оюнчу катары да, көрүүчү катары да көчө футболуна абдан кызыгышат. Клубдун түзүүчүсүнүн бири С. Шакиров «Кыргыз Фристайл» клубунун азыр жаштар арасында абдан популярдуу экендигин айтат. Анын айтымында, бир топ таанымал спорт дүкөндөрүнөн рекламалык роликке тартылуу сунуштары да түшкөн. С. Шакиров клубдун учурдагы иштери тууралуу буларга токтолду: «Көчө футболунун дүйнөдө түрктүү өнүгүп жаткан спорттун түрүнө айланып жатканына биз да шыктанып, өзүбүздүн клубду түздүк. Клубдун атынан көчө футболу боюнча видеолорду тартып, андан кийин монтаждап жана спецэффекттерди кошобуз. Андан кийин аны социалдык тармактарда жайылтып, дүйнөгө таанытууга аракет кылабыз. Видеолорубузду социалдык тармактарда көпчүлүк жактырып көрүп жатышат. Ошондуктан, рекламалык роликке тартылууну сунуштап, бир канча белгилүү спорт дүкөндөрү бизге көп кайрылышты».



**Кыргызстанда биринчи жолу болгон Панна шоусу**

Көчө футболуна тиешелүү кыймылдардын бири болгон панна топту атаандаштын буттарынын арасынан алып өтүү кыймылы болуп саналат. Акробатикалык шоуга айланган панnanы алгачкы жолу 2018-жылдын 5-декабрында Кыргызстан аялдар улуттук футбол командасынын футболисткасы Айдана Оторбаева кыргыз көчө футбол ышкыбоздоруна тартуулап көрсөткөн. А. Оторбаева ал окуя тууралуу мындай дейт: «Мен көчө футболунун акробатикалык жагын өздөштүрүү үчүн көп аракет кылдым. Панна шоусу да ушул аракеттердин жемиши десем жаңылышпайм. Көчө футболу алгач Голландияда пайда болуп, ошол жерден дүйнөгө жайылган. Бирок биз бул спорттун түрү менен 2007-жылдары Орусияда популярдуу болгондон кийин гана, тааныштык. Орусиядан кийин бул оюн коңшу мамлекет Казакстандын Алматы шаарында тарай баштады. Көчө футболуна кызыккан жаштар жаман жолго баскандан оолак болот. Себеби, убактысынын, энергиясынын, кызыгуусунун баарын бул оюн ээлеп алат. Ошондуктан, көчө футболунун өнүгүшү үчүн мен да колумдан келген күч-аракетимди жумшап жатам».

КАБАР: АЛТЫНАЙ НУРЛАНОВА
ФОТО: АЛТЫНАЙ НУРЛАНОВА



КАБАР: ЭРКАЙЫМ ТЕМИРБОЛОТОВА
ФОТО: ЭРКАЙЫМ ТЕМИРБОЛОТОВА

# Жер өткөөлдө өткөн 12 жыл

***Азимкан мындан бир канча жыл илгери туулуп өскөн айылынан Бишкекке окуйм деп келген. Тилекке каршы, ал күткөн аздек кыялдар ишке ашкан эмес. Тагдыр аны түшкө кирбеген турмушка туш кылат. Анда эмесе кеп 61 жылдык өмүрүнүн акыркы 12 жылын тууган-достон жашырынып, жер өткөөлдөрдө тилемчи болуп өткөргөн каарманыбыздын жашоосу тууралуу болмокчу.***

**"Боюмда бар кезде жолдошумдан айрылдым"**

Азимкан айым орто мектепти борбор калаадан аяктайт. Андан соң кесиптик окуу жайда окуусун улантып, айдоочулук кесибине ээ болот. Окуусун бүтөрү менен жүк ташуучу автоунаанын айдоочусу болуп иштейт. Көп жылдар бою Бишкектен Нарынга курулуш материалдарын ташыйт. Оор шарттарда иштеген учурлары көп эле болот. Ошентип жүргөн кезде биринчи күйөөсү менен таанышып калат да, көп өтпөй экөө турмуш курушат. "Жолдошум менен таанышканымда 19 жашта элем. Экөөбүздүн жакшы көп максат-тилегибиз бар эле. Бирок үйлөнгөнүбүздөн кийин көп өтпөй жолдошум илдетке чалдыгып, катуу ооруп калды. Ишиме байланыштуу улам алыс жолго чыгып, тиешелүү аймакка жүк жеткирип жүрдүм. Аял үчүн бул оор иш да. Төрт жолу боюман түштү. Балалуу боло албай жатканыбызга абдан бушайман чекчүбүз. Ошентип жүрүп, дагы боюма бүтүп, бала күтүп калдык. Бирок кубанычым көпкө созулган жок. Көп өтпөй эле жолдошумдан айрылып отуруп калдым. Айла канча, жашоо улана берет экен. Баламды багышым керек, иштешим керек болду. Баламы апама калтырып, айдоочулук ишиме кайрадан кириштим".

**"Кыялдарым ишке ашпады"**

Чоң шаарда атасыз бала тарбиялап өстүрүш, иштеш жалгыз бой аялга абдан эле оор эмеспи. Акча-каражат жагынан жөлөк болуп, балама ата ордуна ата болуп берер деген ой менен Азимкан экинчи жолу турмушка чыгат. Тилекке каршы, экинчи жолдошу аракеч чыгып, ичип келген күндөрү күн көрсөтпөй, кол көтөрө баштайт. Ошондо мындай азапка чыдабаган Азимкан анысы менен да 3 ай өтпөй ажырашып кетет.

Жашоодо жөлөк-таяк издеп дагы эки жолу турмуш курат. Алардан да бак айтпайт. Кийинки турмушунан дагы эки балалуу болот. Анысы аз келгенсип, алты жашар кичүү уулунан ажырайт. Тагдыр кандай гана сыноолоруна салбасын, балдары үчүн жашап, иштеш керек эле. Жалгыз өзү күндөп-түндөп иштеп, балдарын чоңойтуп, алы жетишинче, үйлөндүрүп-жайлантат. Бирок жашы улам өйдөлөгөн сайын, мурдагыдай зуулдатып машине айдап, күн-түн дебей, узак жолго чыгып, иштей албай калат. "Жашым жогорулаган сайын, чарчанып, мурдагыдай иштей албай калдым. Өзүмө ылайык жумуш иликтей баштадым. Ылайыктуу иш табылышы кыйын болду. Акыры Бишкектеги жер өткөөлдөрдүн бирин тазаламай болдум. Бирок ооруп калып, бул жумушка да жарабай калдым. Айдоочулукту таштаганымда ушунчалык сүйүндүм эле. Шаарда үйүм, ишим болот деп кыялдангам. Шаардан үйлүү болуу асмандагы жылдыздай кол жеткис болду. Мындан 13 жыл мурда үй сатып алам деп чогулткан акчамды досума карызга берип, алданып алдырып жибердим. Андан кийин андай көп акча чогулта алган жокмун. Турмуштан далай ирет сынып, жашоодон көңүлүм калган күндөрүм болду. Бирок балдарым, неберелерим үчүн жашашым керек".

**Кайырчылыкта мөгдөгөн 12 жыл...**

3 баланын энеси 61 жаштагы Азимкан 12 жылдан бери шаардагы жер өткөөлдөрдүн бириндe тилемчилик кылат. Мамлекеттен алган 3000 сом пенсиясы эч нерсеге жетпейт. "Балдарым, туугандарымдын эч кимиси менин ушул абалымды билишпейт. Алардын баары мени иштейт деп ойлошот. Тааныштар көрүп калбасын деп бетимди жаап тилемчилик кылам. Күнүнө 300-500 сом табам, ал акча ичкен-жегениме, дары-дармекке гана араң жетет. Өз уулумдун бөйрөгү ооруйт, ал иштебей калганда, ага акча жиберип турам. Ушундай турмуштук жагдай мени тилемчилик кылууга аргасыз кылды".

Тилемчилик менен эптеп күн көргөн Азимкан тапканын шылуундарга алдырып койгон күндөр да болгонун айтат: "Турмушта ар кандай адамдарды көрдүм, эмнени гана башымдан кечирбедим. Мындан эки ай мурда бетимди жаап кайыр сурап отургам. Бирөө акча салынган кутуну алдымдан жула качты. Нес болуп туруп калдым, эч нерсе кыла алган жокмун. Кутунун ичинде 50 сом бар болчу, андан көп акча болсо деле ага кейимек эмесмин. Мени капалантканы – тилемчинин акчасына көз арткан ушундай пенделердин болгону".

**"**

***Балдарым, туугандарымдын эч кимиси менин ушул абалымды билишпейт. Алардын баары мени иштейт деп ойлошот. Тааныштар көрүп калбасын деп бетимди жаап тилемчилик кылам.***

***62 жаштагы Ишенбек Чаланов Кыргызстанда дээрлик унутулуп бараткан тери менен иштеген усталардын бири. Ал бир да буюмду машина колдонбой, өз колу менен жасайт.. Устанын колунан чыккан буюм-теримдер Кыргызстанда гана эмес, бүгүнкү күндө бүткүл дүйнө жүзүнө тарап бааланып келет. Буга анын эмгектеринин АКШ, Германия, Казакстан, Англия, Орусия, Кытай, Дания, Жапония, Италия сыяктуу өлкөлөрдүн музейлеринде көргөзмөдө турганы, дүйнө жүзү боюнча бир катар өлкөлөрдөн келгендер аларды сатып алып жатканы күбө. И. Чаланов салттык буюм-теримден тарта заманбап жасалгадагы эмгектерди да жасайт. Учурда ал устачылык өнөрүн жаштарга да үйрөтүп жаткан чагы.***



КАБАР: САМИРА ШАРИПОВА
ФОТО: САМИРА ШАРИПОВА

## Жети атадан бери келаткан мурас:

# Тери иштетүү

### “Териге кыргыздын тарыхын түшүрөм”

И. Чалановдун негизги кесиби – сүрөтчүлүк. Муну менен бирге ал студенттик кезинен бери тери иштетип, кол өнөрчүлүк менен да алектенип келет. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда тери иштеткендер барган сайын сейрек кездешип баратат. Ушундан улам И. Чаланов булгаары-тери иштетүүнү жайылтуу керек деп эсептейт: «Мектепте окуп жүргүндө боёо, графика түзүү жана тери иштетүү боюнча өзүмдүн 3 ательем бар болчу. Кийинчерээк көбүнчө тери иштетүүгө көңүл бөлө баштадым. Булгаарыга көңүл кош мамиле жасалып, эч ким колго албай жатканынан улам, бул тармакты жандандырууну, таанытууну жана жайылтууну көздөп калдым. Улуттук маданий баалуулуктарыбыздан ээр, көөкөр сыяктуу териден жасалган буюмдарды жасайм. Менин жасаган эмгектеримден ата-бабабыздын тарыхын, маданиятын, алардын көчмөн турмушун көрүүгө болот».

### Көөкөрчү чоң атанын небереси

И. Чаланов 40 жылдан бери тери иштетип келатканын айтып олтурду. Тери иштетүү ишине шык-жөндөмүм бала кезимде эле ойгонгон дейт ал. Чебер уста мектепке бара элек учурунда эле сүрөт тартууга кызыгып, а кийинчерээк мектепте окуп жүргөндө тарткан сүрөттөрү менен бир топ эле ийгиликтерге жетишиптир. Ошентип, өнөргө жакын бала бара-бара жети атадан мураска калган булгаары иштетүүнү да колго алган: «Жетинчи чоң атама элдин баары Көөкөрчү деп кайрылышчу экен. Себеби ал таланттуу көөкөр устасы болгон дешет. Атамдын да, апамдын да аталары колунан көөрү төгүлгөн кол өнөрчүлөр болушкан. Ата-тегибиз кол өнөрчүлүк менен алектенгендигинен улам го, айтор, менин да бул өнөргө кызыгуум эрте ойгонду. Үйдөгүлөр да менин аракетимди кош колдоп колдошту. Байкем Кулчанбек экөөбүз бири-бирибизге уста-шакирт катары иштеше баштадык. Мен ага тери иштетүүнү үйрөттүм, ал мага ат ээр жабдыктарын жасаганды үйрөттү», - деди.

### Булгаары буюм көөнөрбөйт

Тери иштетүү өтө татаал, өтө кызыктуу иш дейт уста И. Чаланов: «Кагазга сүрөт тартып жатканда каалаган учурунда токтотуп коюп, кийин улантa берсең болот. Бирок терини иштеткенде бул мүмкүн эмес. Терини иштетүү үчүн алгач аны күн бою сууга чылап коюш керек. Чыланып туруп ал сууну өзүнө сиңирип алып, шиший баштайт. Андан кийин териге сиңген суунун бууланышын күтөбүз. Тери кургай баштаганда ага калем менен сүрөт тартууга өтөбүз. Сүрөт тартылып бүткөндөн кийин терини иштете баштайбыз. Ошентип отуруп көөнөрбөс эмгек даяр болот. Анткени иштетилген жана курутулган тери өмүр бою бузулбастан сакталып калат».



### Өтмүшүбүз менен келечегибизди байланыштырган көпүрө

И. Чаланов С. Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайынын булгаары иштетүү бөлүмүн бүтүрүп, 1981-жылдан ушул убакка чейин ушул эле окуу жайында кол өнөрчүлүгү боюнча сабак берет. Булгаары иштетүү боюнча мугалим болуп алгач иштей баштаганда окуу программасына бир катар өзгөртүүлөрдү киргизип, балдардын кесиптик билимин дагы тереңдетип үйрөнүшүнө шарт түзүүгө аракетин жасаган. Өзүнүн мугалимдик кесибин кантип баштагандыгы тууралуу ал мындайча кеп кылды: «Булгаары иштетүү өнөрүн өтмүшүбүз менен азыркы учурду байланыштырып турган көпүрө сыяктуу көрөм. Ата-бабаларыбыздын өмүр жолун, тарыхын, маданиятын териге чагылдырып жатканымда ушундай сезилет мага. Студенттериме да ушундай мамиле жасагыла деп үйрөткөнгө аракет кылам. Тайпамда 12 студент бар. Алар менен биргеликте тери иштетүү өнөрүн өнүгүрүү үчүн болгон аракетимди жасайм».

И. Чаланов өзүнүн студенттери менен эл аралык аренада да Кыргызстанды даңазалап келет. 1990-жылы Тажикстандын борбору Душамбеде өткөн «Дүйнөгө белгилүү дизайнерлер» симпозиумунда этнодизайн эмгектери менен көпчүлүктүн назарын бурган. Бул симпозиумда айрыкча, казактар кыргыз устанын колунан жаралган тери буюмдарын абдан баалашкан. Акыркы мезгилдерде булгаары иштетүү Казакстанда унутулуп кеткен. Ушул иш-чарадан кийин И. Чалановдун шакирттери Казакстанга чакырылып, жаштарга булгаары иштетүү боюнча мастер-класстарды өткөрүп келишкен. Мындай мастер-класстар чындыгында булгаары иштетүүнүн бир кыйла жандандырган.

### Булгаарыга түшүрүлгөн коомдук билдирүү

И. Чаланов эмгектеринде учурдагы коомдук окуяларды да чагылдырганын баса белгилеп айтуу керек: «Искусство адамдары өз эмгектеринде көпчүлүк учурда коомдогу окуяларды чагылдырууга аракет кылышат. Мен дагы 1996-жылы Пакистанда 32 өлкөнүн катышуусу менен өткөрүлгөн эл аралык көргөзмөгө «Кумтөр» аттуу эмгектердин жыйнагы менен катыштым. Ошол убактарда «Кумтөрдүн» айланасында кээ бир терс окуялар болгону маалым. Ал окуяга байланыштуу сезимдеримди эмгегимде чагылдырып, аны бүткүл дүйнө жүзүнө билдиргим келген».

# Тажикстандын улуттук баалуулуктарын тааныткан кароо сынак

***Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде (КТМУ) улуттук баалуулуктар боюнча кароо сынагы уюштурулду. 20-февралда Студенттик иштер башкармалыгы, Бүтүрүүчүлөр ассоциациясы жана Тажикстан Республикасынын Кыргызстандагы элчилиги биргелешип уюштурган кароо сынакка ректор проф., докт. Себахаттин Балжы, Тажикстандын Кыргызстандагы элчилигинин өкүлү Ориф Расулов, профессорлук-окутуучулук жамаат жана студенттер катышышты.***




Боордош өлкөлөрдүн жаштарына жалпы, орток маданиятты жакындан тааныштырып, Түрк дүйнөсүнүн маданий мурасын келечек муунга өткөрүү максатын көздөгөн бул иш-чара “Тажикстан өлкөсү” аттуу темада өттү. Кароо сынактын алкагында студенттерге Тажикстандын улуттук баалуулуктары тууралуу суроолор берилди.

Иш-чарада проф., докт. С. Балжы буларга токтолду: “Албетте, мындай сынактардын натыйжасында биринчи, экинчи жана үчүнчү орундар белгиленет. Бирок мындагы башкы максат – достукту бекемдөө болуп саналат. Б.а., бири-бирибизди жакшыраак таанып, достугубузду чыңдоо. Биз бүгүнкү күндө баарыбыздын түпкү маданиятыбыз бир экендигин унутпашыбыз керек. Ата-бабаларыбыз бир тууган болгон. Маданиятыбыз жана тарыхыбыз да бир. Мындан ары да достукта жана биримдикте тагдырлаш болобуз деген үмүттөбүз. Жаштар, силер бул тарыхый-маданий тамырыбыздын, боордоштук мамилебиздин түпкү маңызын жакшы түшүнүп, мындан ары да бул байланыштарды улантасыңар деген ишенемин”.

Тажикстан Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин өкүлү Ориф Расулов мындай иш-чаралар өлкөлөрдүн, улуттардын ортосундагы достук мамилелерин бекемдээрин баса белгиледи.

Бишкектеги 8 университет катышкан бул кароо сынактын биринчи турунда КТМУнун тайпасы 1-орунду, Бишкек гуманитардык университети 2-орунду жана Ишенаалы Арабаев атындагы Мамлекеттик университетинин тайпасы 3-орунду алышты. Ошондой эле экинчи турда Бишкек гуманитардык университетинин студенти Мухаммед Ахмаджанов “Эң мыкты катышуучу” деп аталды.

# Коммуникация факультетинде өндүрүштүк практиканы баалоо иш-чарасы өткөрүлдү

***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (КТМУ) коммуникация факультети 20-февралда студенттеринин жай айларында өткөн өндүрүштүк практикаларын баалоо иш-чарасын өткөрдү. Коммуникация факультетинин өндүрүштүк практикаларын баалоо иш-чарасына проректор проф., докт. Анварбек Мокеев, коммуникация факультетинин деканы проф., докт. Хамза Чакыр, окутуучулар жана студенттер катышышты.***




Иш-чарада коммуникация факультетинин студенттеринин 2018-жылдын жай айларында Кыргызстандын, Түркиянын жана башка чет өлкөлөрдө өндүрүштүк практика учурунан тартылып алынган кыска метраждуу фильм көрсөтүлдү. Программанын ачылыш сөзүндө проф.докт.Хамза Чакыр факультеттин студенттеринин өндүрүштүк практикасы тууралуу кенен маалымат берди. Ал 1-2-курста студенттер бир жумалык өндүрүш практикасында Кыргызстандагы ЖМКлардын иш чөйрөсү менен таанышарын, ал эми 3-курста бир айлык өндүрүш практикасын Түркияда, Кыргызстанда жана башка чет өлкөлөрдө өтөөрүн айтты.

Проф., докт. Х. Чакыр 3-курстун студенттери өтө турган бир айлык өндүрүш практикасына байланыштуу буларга да токтолду: «Студенттерибиз Түркиянын жана Кыргызстандын белгилүү медиа мекемелеринде практикадан өтүшөт. Практика учурунда алар кесипкөй адистер, эксперттер менен жакындан таанышып, университетти бүтүргөндөн кийин өздөрүнө иш табуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Түркияда жана башка чет өлкөлөрдө практикасын өтөгөн студенттерибиз маданияттар аралык коммуникацияны жана эл аралык медиа байланыштарын түзүүгө да өз салымын кошушат деп айтууга болот», - деди.

Иш-чарада проректор проф., докт. А. Мокеев студенттерге кеңеш-сунушун айтты: «Коммуникация факультетинин алгачкы жылдарында азыркыдай техникалык мүмкүнчүлүктөрүбүз жок болчу. Азыр болсо жакшы шарттар түзүлдү, мүмкүнчүлүктөр кеңейди. Окуу учурунда ошол мүмкүнчүлүктөрдү болушунча колдонуп, өндүрүштүк практикада өзүңөргө тажрыйба топтогула. Учурда студенттерибиз Кыргызстандын жана Түркиянын эң мыкты медиа мекемелеринде өндүрүштүк практикадан өтүп келатышат. Өндүрүштүк практика боюнча ректорат мындан ары да студенттерге колдоо көрсөтөт», - деди.

Иш-чара факультеттин студенттери тарабынан даярдалган концерттик программа менен жыйынтыкталды.

# “Эң мыкты режиссер” сыйлыгы коммуникация факультетинин бүтүрүүчүсүнө ыйгарылды

***2018-жылдын 20-декабрында Санкт-Петербургда болуп өткөн “III эл аралык альтернативдүү кино аймагы” аттуу кинофестивалында радио, телевидение жана кино искусствосу бөлүмүнүн бүтүрүүчүсү Гүлжигит уулу Сүйүнбек “Тоолуу аймак” аттуу даректүү тасмасы менен “Эң мыкты режиссер” наамына татыды.***




Финалга чыккан 32 тасма “Гран при”, “Эң мыкты кыскаметраждуу фильм”, “Эң мыкты кыска метраждуу документалдык фильм”, “Эң мыкты мультфильм”, “Эң мыкты музыкалык клип”, “Эң мыкты режиссердук иш”, “Эң мыкты оператордук иш”, “Көрүүчүлөр тарабынан тандалып алынган фильм” жана “Президенттин атайын сыйлыгы” категорияларында сыйлыктарга ээ болушкан.

Эске салсак, аталган фестивалда жеңишке жетишкен Гүлжигит уулу Сүйүнтбектин “Тоолуу аймак” аттуу даректүү тасмасы Абды Сатаровдун жетекчилигинин астында тартылган дипломдук иши эле. Жаш режиссер 13 мүнөттүк бул даректүү тасмасында айылда жашаган чабандын жашоосун, үй-бүлөсү менен өткөргөн күндөрүн чагылдырып берген.

# КТМУда “Айтматовду окуйбуз” долбоору болуп өттү

***Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин (КТМУ) Медиа Борборунун “Медиаманас” тарабынан 2018-жылдын 30-31-декабрында “Айтматовду окуйбуз” долбоору ишке ашырылды.***




Аталган долбоордо Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгына карата “Медиаманастын” студиясында каалоочулар улуу жазуучубуздун чыгармаларынан түрк, кыргыз, уйгур, орус, корей, моңгол, англис, немис жана француз тилдеринде көркөм окуп, бир мүнөттүк видеолор даярдалды.

“Айтматовду окуйбуз” долбоорунун максаты – Кыргызстандын жана түрк дүйнөсүнүн чоң сыймыгы болгон Ч. Айтматовдун чыгармалары бардык улуттар, бардык тилдер үчүн өлбөс-өчпөс улуу мурас экендигин айгинелөө.

Долбоорго кесипкөй актерлордон баштап, университеттин окутуучулары жана студенттери менен биргеликте Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министри Азамат Жаманкулов да катышты.

КТМУнун Кыргызстандын маданий архивине чоң салым кошкон бул долбоору 12-декабрга, Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө жана Кыргызстандагы адабият күнүнө бир ай калганда министр А. Жаманкуловдун көркөм окуусу менен аягына чыкты.

КТМУнун Медиа Борбору “Медиаманастын” директору докт. Бүлент Намал 2019-жылдын 8-февралында “Айтматовду окуйбуз” долбоордун жаздырылган дискин КР Маданият, маалымат жана туризм министри Азамат Жаманкуловго тапшырды.

# Аймактарда ыктыярчылар КТМУну таанытуу иш-чараларын өткөрүштү

***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (КТМУ) Таанытуу комиссиясынын жетекчилигинде Студенттердин иштери боюнча башкармалык (СИББ) менен Студенттик Кеңеш Кыргызстандын 7 облусунда «Аймактарда таанытуу иш-чараларын» уюштурду.***




КТМУну таанытуу иш-чараларын студенттер колго алышты. Алар өздөрү туулуп-өскөн аймактарында ыктыярчы катары университетти таанытып кайтышты. Эки этаптан турган бул салттуу таанытуу иш-чараларынын биринчи этабы 2018-жылдын декабрь айында, экинчи этабы болсо кышкы каникул (2019-жылдын январь айы) учурунда ишке ашырылды.

2019-жылдын 23-февралында ректораттын жыйындар залында ыктыяр таанытуу иш-чаралары тууралуу университеттин башкаруу палатасына маалымат отчету берилди. Отчетту презентациялоо жыйынына университеттин биринчи проректору проф., докт. Асылбек Кулмырзаев, СИББ жетекчиси Гүнхан Кайхан, профессорлук-окутуучулук жамаат жана студенттер катышты.

Жыйында ыктыярчы студенттердин аткарган иштеринин өтө керектүү жана пайдалуу болгонун белгилеген КТМУнун биринчи проректору проф., докт. Асылбек Кулмырзаев буларга токтолду: «Өзүңөр бүтүрүп чыккан мектептерге барып, силерди тааныган адамдар жашаган жерлерде окуган университетиңерди таанытканыңар, университет тууралуу маалымат бергениңер чындыгында эле өтө маанилүү иш. Силердин алдыңкы университетте сапаттуу билим алып жатканыңар ал мектептердеги окуучулар үчүн да жакшы өрнөк боло алат. Өздөрүнө болгон ишеними артат, «демек мен да ал жерде окусам болот турбайбы» деген ишеним пайда болот. Жемиштүү чоң эмгек жасадыңар. Барган жериңерде, албетте, кыйынчылыктар болбой койбойт, бирок ал кыйынчылыктар силер үчүн чоң тажрыйба болду. Таанытуу ишиңерде силер кездешкен кыйынчылыктардын алдын алып, мындан кийин ошого жараша иш алып барабыз, колдон келген жардамыбызды беребиз» , - деди.

СИББ жетекчиси Г. Кайхандын айтымында, таанытуу иш-чарасына жалпысынан 162 студент тартылган. Студенттер университетти таанытуу иш-чараларын өткөрүү үчүн бул жылы Кыргызстандын 7 облусунан баары болуп 321 мектепке барып, 12 188 окуучу менен жолугушкан. Студенттер өздөрү окуган университетин таанытуу ишинде акысыз ыктыярчы катары иштешкен. Г. Кайхан бул иш-аракеттин чындыгында эле өтө баалуу жана мактоого татыган чоң эмгек болгонун белгилеп, таанытуу ишине ыктыярдуу катышкан студенттерге терең ыраазычылыгын билдирди.

# 'Кара алмаз'

📷 ***Алтынай Нурланова***

Көмүр - көбүн эсе борбордук жылуулук берилбеген жаңы конуштарда көп жагылат. Көмүр жаңы келгенде бир бүтүн болуп келип, атайын ишчилер тарабынан майдаланып сатылат.

*Бишкек / Кыргызстан*



# 'Жан багуу айласы'

📷 ***Алтынбек Таалайбек уулу***

*Бишкек / Кыргызстан*




# 'Көп кабаттуу Бишкек'

📷 ***Табылды Мырзабекова***

Соңку жылдарда Бишкекте бат-баттан көп кабаттуу үйлөр тургузулуп жатат. Дал ошол көп кабаттуу турак жайлардын биринен көз ирмем.

*Бишкек / Кыргызстан*



• КТМУнун атынан гезит ээси
Ректор, проф. док. Себахаттин Балжы
Биринчи проректор, проф. док. Асылбек Кулмырзаев

• Башкы редактор
Проф. док. Хамза Чакыр

• Басма сөз координатору
Доц. док. Аслы Юрдигул

• Жооптуу редактор
Улук окутуучу, док. Гүлзада Станалиева

• Котормочулар
Кенже илимий кызматкер док. Топчугул Нармаматова
Кенже илимий кызматкер док. Венера Наринова

• Редакторлор
Кенже илимий кызматкер Бану Эрдоган Чакар
Кенже илимий кызматкер Зеки Окйай

• Дизайнер
Равшан Абдуллаев

• Дареги
КТМУ Коммуникация факультети, Жал студенттик кампусу, Бишкек
Тел: +996 312 492756/1164